**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

4 - июнь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз XI сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 1 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 11- сессиясынын катчысы жөнүндө».**

Чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 11- сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Депутат ***Керимбаев Асылбек*** Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 11- сессиясынын катчысы болуп шайлансын.

1. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

2. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

4 - июнь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз XI сессиясы**

***ТОКТОМ* № 2 *ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардык мэриянын 30.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаарында жайгашкан Кызыл-Алма аймактык башкармалыгында МИК (Мамлекеттик ипотекалык компания) тарабынан ондолуп жаткан көп кабаттуу турак жай имараттарына тиешелүү шарттарды түзүү үчүн кошумча жер тилкесин бөлүп берүү тууралуу” №01-21/1444 кайрылуу каты жөнүндө”.**

Шаардык мэриянын 30.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаарында жайгашкан Кызыл-Алма аймактык башкармалыгында МИК (Мамлекеттик ипотекалык компания) тарабынан ондолуп жаткан көп кабаттуу турак жай имараттарына тиешелүү шарттарды түзүү үчүн кошумча жер тилкесин бөлүп берүү тууралуу” №01-21/1444 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 11- сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2. Шаардык мэриянын 30.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаарында жайгашкан Кызыл-Алма аймактык башкармалыгында МИК (Мамлекеттик ипотекалык компания) тарабынан ондолуп жаткан көп кабаттуу турак жай имараттарына тиешелүү шарттарды түзүү үчүн кошумча жер тилкесин бөлүп берүү тууралуу” №01-21/1444 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин** билдирүүсү эске алынсын.
3. Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 29-беренесинин 8, 9-бөлүмдөрүнүн негизинде, Таш-Көмүр шаарында жайгашкан Кызыл-Алма аймактык башкармалыгында МИК (Мамлекеттик ипотекалык компания) тарабынан ондолуп жаткан көп кабаттуу турак жайлардын жашоочулары үчүн шаардык стандарттарга жана шаар куруу эрежелерине ылайык, балдар ойноочу аянтчасын, унаа токтоочу жайын жана автономдуу жылытуу системасын (откана) куруу үчүн кошумча 7323,66 м2 жер тилкесин бөлүп, “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКуна мөөнөтсүз пайдалануу үчүн өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

4. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясына **(З.Карабалаев)** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК
ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

4 - июнь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын
кезексиз XI сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 3 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардык мэриянын 19.05.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын аймагындагы суу коргоо зонасын калктуу конуштар чегинде кыскартуу тууралуу» №01-21/1559 кайрылуу каты жөнүндө”**

Шаардык мэриянын 19.05.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын аймагындагы суу коргоо зонасын калктуу конуштар чегинде кыскартуу тууралуу» №01-21/1559 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы “Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 11- сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 19.05.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын аймагындагы суу коргоо зонасын калктуу конуштар чегинде кыскартуу тууралуу» №01-21/1559 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы “Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин маалыматы эске алынсын.
2. “Шаардык мэриянын 19.05.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын аймагындагы суу коргоо зонасын калктуу конуштар чегинде кыскартуу тууралуу» №01-21/1559 кайрылуу каты жөнүндө” маселе, шаардык Кенештин компетенциясына кирбегендигине байланыштуу артка кайтарылсын.
3. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жоoптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясына **(З.Карабалаев)** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар
Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК
ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

4 - июнь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз XI сессиясы**

***ТОКТОМ № 4 ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардын аймагындагы бала бакчалардын, мектептердин жана жогорку окуу жайлардын жайгашкан жерлеринин жана имараттарынын мыйзамдуулугун текшерүү боюнча түзүлгөн убактылуу депутаттык комиссиянын жыйынтыгы тууралуу тактамасы жөнүндө».**

Шаардын аймагындагы бала бакчалардын, мектептердин жана жогорку окуу жайлардын жайгашкан жерлеринин жана имараттарынын мыйзамдуулугун текшерүү боюнча түзүлгөн убактылуу депутаттык комиссиянын жыйынтыгы тууралуу тактамасы жөнүндө убактылуу депутаттык комиссиянын **төрагасы Ч.Урматаалиевдин** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 11– сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардын аймагындагы бала бакчалардын, мектептердин жана жогорку окуу жайлардын жайгашкан жерлеринин жана имараттарынын мыйзамдуулугун текшерүү боюнча түзүлгөн убактылуу депутаттык комиссиянын жыйынтыгы тууралуу тактамасы жөнүндө убактылуу депутаттык комиссиянын **төрагасы Ч.Урматаалиевдин** маалыматы эске алынсын.
2. Шаардын аймагындагы бала бакчалардын, мектептердин жана жогорку окуу жайлардын жайгашкан жерлеринин жана имараттарынын мыйзамдуулугун текшерүү учурунда төмөндөгүдөй кемчиликтер аныкталгандыгы белгиленсин:
   - №1 “Мамалак” бала бакчасы менен Горбай көчөсүнүн №10а-2 жана №10а-3 үйлөрү менен чектешкен жерлерде короосу жок экендиги;
   - №1 “Мамалак” бала бакчанын короосунун ортосунда жайгашкан электр мамыча сыртка чыгарылбагандыгы;
   - №3 Т.Молдо атындагы орто мектебинин короосунун ичинен жеке менчик үйлөр тарабынан эшик, дарбазалар мыйзамсыз ачылгандыгы;
   - №3 Т.Молдо атындагы орто мектебинин короосунда ашыкча бир трансформатор тургандыгы;
   - №3 Т.Молдо атындагы орто мектебинин короосунун ичиндеги лотокко жергиликтүү жашоочулардын үйлөрүнөн чыккан саркынды суулардын агып жаткандыгы (септиктин жоктугу);

- Көп кабаттуу үй менен бала бакча колдонуп жаткан септик №3 Т.Молдо атындагы орто мектебинин короосунун ичинде жайгашкандыгы;
- №3 Т.Молдо атындагы орто мектебинин спорт залы менен ажаатканасы тиешелүү документтерге (мамлекеттик акт, тех.паспорт) кошулбагандыгы;
- №5 "Чабалекей" бала бакчасынын имаратынын мурда прокуратура колдонуп келген бөлүгү бала бакчанын жалпы документтерине (мамлекеттик акт, техпаспорт) кошулбагандыгы;
- №4 Т.Сатылганов атындагы орто мектебинин короосунда жайгашкан электр мамычалардын сыртка чыгарылбагандыгы;
- №5 В.И.Ленин атындагы орто мектебинин документтери (мамлекеттик акт, тех.паспорт) жаныланбагандыгы;
- №6 "Наристе" бала бакчасынын жанындагы жашылдандырууга берилген жер тилкеси бала бакчанын аймагына кошулбагандыгы;
- №11 М.Темирбаев атындагы орто мектебинин аймагына жергиликтүү жашоочу тарабынан жеке менчик үйүнөн эшик ачып алгандыгы;
- №6 Т.Уметалиев атындагы орто мектебинин аймагынан жергиликтүү жашоочулар тарабынан жеке менчик үйүнөн эшик ачып алгандыгы, саркынды сууларын агызгандыгы, өз билемдик менен мектептин аймагына септик куруп алгандыгы;
- №6 Т.Уметалиев атындагы орто мектебинин аймагындагы откананын жанын, жергиликтүү тургун өз билемдик менен королоп алгандыгы;
- №6 Т.Уметалиев атындагы орто мектебинин аймагы менен жергиликтүү жашоочулардын ортосундагы бош жерлери бар экендиги (ошол бош жерлерди мектептин аймагына кошуу керек);
- ЖАМУ ТИПФ, ИТЭИ, жана ТАК окуу жайларынын аймактарынын чектери толук такталбагандыгы;
- ИТЭИ жана ТАК окуу жайларынын жайгашкан имараттары жатакана багытында экендиги;
- Кызы-Алма аймактык башкармалыгындагы №4 «Жомок» бала бакчасынын имаратынын бир бөлүгүндө «Унаа» мекемеси менен Кызыл-Алма аймактык башкармалыгы жайгашкандыгы.

3. Тиешелүү мекеме-ишканалар менен биргеликте жогорудагы келтирилген кемчиликтердин үстүндө иш алып барып, жыйынтыгы жөнүндө маалыматты Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешине берүү жагы Таш-Көмүр шаардык мэриясына милдеттендирилсин.
4. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кенештин алдындагы **"Өнөр жай" боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.Турдукулова) жүктөлсүн**.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

4 - июнь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз XI сессиясы**

***ТОКТОМ № 5 ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**"Таш-Көмүр шаарындагы оорукананын, төрөт үйүнүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, амбулаториянын жана ТКРОААжМСЭКБунун саркынды суу агып чыгуучу түтүкчөлөрүн, септиктерин текшерүү үчүн убактылуу депутаттык комиссиянын жыйынтыгы тууралуу тактамасы жөнүндө".**

Таш-Көмүр шаарындагы оорукананын, төрөт үйүнүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, амбулаториянын жана ТКРОААжМСЭКБунун саркынды суу агып чыгуучу түтүкчөлөрүн, септиктерин текшерүү үчүн убактылуу депутаттык комиссиянын жыйынтыгы тууралуу тактамасы жөнүндө убактылуу комиссиянын **катчысы Ч.Урматаалиевдин** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 11– сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Таш-Көмүр шаарындагы оорукананын, төрөт үйүнүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, амбулаториянын жана ТКРОААжМСЭКБунун саркынды суу агып чыгуучу түтүкчөлөрүн, септиктерин текшерүү үчүн убактылуу депутаттык комиссиянын жыйынтыгы тууралуу тактамасы жөнүндө убактылуу комиссиянын **катчысы Ч.Урматаалиевдин** маалыматы эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаарындагы оорукананын, төрөт үйүнүн, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, амбулаториянын жана ТКРОААжМСЭКБунун саркынды суу агып чыгуучу түтүкчөлөрүн, септиктерин текшерүү учурунда төмөндөгүдөй кемчиликтер аныкталгандыгы белгиленсин:
   - Таш-Көмүр Жалпы дарыгерлер практикалык борборунун (ЖДПБ) инфекционный бөлүмүнүн саркынды суусунун түтүкчөсү жок экендиги жана саркынды суу оорукананын короосунун ичиндеги саркынды суу үчүн казылган арык менен үстү ачык септикке куюлуп жаткандыгы;
   - Таш-Көмүр Жалпы дарыгерлер практикалык борборунун (ЖДПБ) моргунун септиги жогорудагы талаптарга жооп бербегендиги, зыяндуулугунун коркунучу бар экендиги.

3. Жогорудагы келтирилген кемчиликтердин үстүндө иш алып барып, жыйынтыгы жөнүндө маалыматты 9 айдын жыйынтыгы менен шаардык Кенешке берүү жагы

шаардык мэрияга жана Таш-Көмүр Жалпы дарыгерлер практикалык борборуна (ЖДПБ) милдеттендирилсин.

4. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Социалдык маселелер” (Ж.Токтомамбетова) жана “Өнөр жай” (Ж.Турдукулова) боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн**.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**